Д 13.23.662 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, профессор Абакир Мамытовдун 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуу, денени чыңдоо жана адатиптивдүү дене тарбиясы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Манашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” деген темадагы диссертациясынын

КОРУТУНДУСУ

Эксперт педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Манашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет жана 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортундагы 5 (“тарбия берүүнүн социомаданий шартта жүргүзүлүшү”) жана 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуу, денени чыңдоо жана адаптиптивдүү дене тарбиясы адистигинин паспортундагы 1.1. (Дене тарбиянын дидактикалык проблемалары) аныктаган талаптарга жооп берет. Иштин мазмуну жогорку билимдүү дене тарбия мугалимдерин дардоодо алардын тогуз коргоол оюнун окутууга карата кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздерин аныктоого, тийиштүү илимий ыкмаларды, кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруунун теориялык моделин жана педагогикалык шарттарды негиздөөгө, педагогикалык эксперимент жүргүзүп алардын натыйжалуулугун текшерүүгө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгууга багытталган.

2. **Иштин максаты –** кыргыздын улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу дене тарбия мугалимдерин даярдоодо адистик компетенттүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, методикасын жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо иретинде аныкталган. Максатты ишке ашыруу

үчүн 3 илимий милдеттер каралган. **Биринчиси,** кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүккө тарбиялоонун абалын жана методикалык маанисин мүнөздөгөн адабияттарга обзор берүү; **экинчиси** – тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүккө даярдоонун моделин иштеп чыгуу жана анын методологиясын, материалдарын, методдорун жана уюштурулушун аныктоо; **үчүнчүсү** – кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүккө даярдоонун моделин жана педагогикалык шарттарын экспериментте текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн максатына жетүү жана милдеттерин чечүү багытында изденүүчү бир топ илимий-аналитикалык жана эксперименталдык жумуш аткарган. Атап айтканда адабий булактардын обзору кеңири берилген; изилдөө жүргүзүүнүн методологиясы, материалдары жана методдору аныкталган; педагогикалык эксперимент уюштурулуп, көлөмдүү илимий маалымат топтолгон жана аларды анализдөө, синтездөө, жалпылоо, илимий тыянактарды жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу аракеттери көрүлгөн.

**3. Илимий натыйжалар.**

3.1. Иште үч илимий натыйжа алынганы белгиленген: **биринчи натыйжа** – кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүккө тарбиялоодогу педагогикалык шарттар аныкталган, теориялык жана методикалык өзгөчөлүктөр такталган; **экинчи натыйжа** – кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүккө тарбиялоодогу заманбап тактикасынын натыйжалуу формалары, методдору жана тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн модели иштелип чыккан; **үчүнчү натыйжа** – дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүч компоненттери жана алардын салыштырма мүнөздөмөсү иштелип чыккан.

3.2.Изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды жалпысынан канааттандыраарлык деп баалоого татыктуу, бирок (6 пункту кара) тыкыр талдоого, илимий милдеттердин багыттарына жана мазмундарына дал келтирүүгө муктаж.

3.3. Иштин теориялык мааниси жетишээрлик жогору. Анткени, кыргыз элинин улуттук тогуз коргоол оюну алгачкы ирет изилдөөгө алынып, анын салттык баалулуктарды өрчүтүү, болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо каражат катары колдонуп адистик компетенцияларын калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрү талдоого алынган.

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши. Диссертациялык иштин мазмуну негизинен маанилүү жоболорду камтыйт жана басымдуу көпчүлүгү баалуу деп эсептейм. Жумуш Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасынын илимий иштеринин планынын алкагында аткарылган, ал эми эксперименталдык текшерүүгө аталган окуу жайдын студенттери тартылган.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Илимий натыйжалардын практикалык баалуулугу 3 багытта мүнөздөлгөн: **биринчиси,** дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча кесиптик даярдыгын атайын көндүмдөр аркылуу жакшыртуу, **экинчиси** – болочок дене тарбия мугалимдеринин адистик компетенттүүлүгүн заманбап окутуу технологиялар аркылуу калыптандыруу; **үчүнчүсү** – жогорку окуу жайдагы адистик даярдоо процессине атайын курсту, контролдук иштердин жыйнагын, интерактивдүү компьютердик программаны киргизүү. Бирок, биздин оюбузча, илимий натыйжалардын практикалык маанилүүлүгүн мүнөздөөдө конкреттүүлүк жетишсиз (6-пункту кара).

***5.* Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын мазмунун диссертациянын жаңыланган мазмунуна (6 пункту кара) карата кайрадан иштеп чыгуу зарыл.

6. **Кемчиликтер жана мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык жумушта бир катар олутуу **кемчиликтер** жана **мүчүлүштүктөр** орун алган. Алардын негизгилери төмөндөгүлөр:

**Киришүү бөлүмү боюнча:**

6.1. Илимий аппараттын саны жана кээ бирлеринин аталыштары тактоону талап кылат. Алардын диссертациядагы жана авторефераттагы варианттары бири-бирине дал келбейт.

6.2. Илимий аппараттын мазмундук мүнөздөмөсү диссертацияда (11 бет) жана авторефератта (3 бет) эки башка көлөмдө берилген. Мындай ыкма инструкциянын талаптарына жооп бербейт. Мисалы, “изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу” негизинен 3 өбөлгө менен мүнөздөлөт: биринчиси, социалдык же мамлекетттик муктаждыктар, экинчиси, илимий изилдөөлөрдүн жетишсиздиги менен байланышкан муктаждыктар жана үчүнчүсү, практикалык (адистик) өңүттөгү муктаждыктар. Алардын ар бири тийиштүү карама-каршылыктардын орун алышы менен коштолот жана теманын

актуалдуулугун далилдөөгө негиз болуп берет. Сиздин вариантта карама-каршылыктардын бирөсүнө басым жасалган.

6.3. Илимий аппараттын мазмундук мүнөздөмөсүн иштеп чыгууда диссертациянын темасындагы негизги төрт түшүнүктү эсепке алуу зарыл. Алар “дене тарбия мугалимдери”, “адистик комптетенттүүлүк”, “тогуз коргоол” жана “педагогикалык негиздер” болгондуктан тийиштүү илимий аппаратты мүнөздөөдө эске алуу керек. Мисалы, изилдөөнүн максаты жана милдеттери ушул аспектилерди эске алуу менен аныкталат.

6.4. Милдеттердин коюлушу жана диссертациянын структурасы тийиштүү шайкештикте болушу шарт. Башкача айтканда “бир милдет – бир бап” принциби жетекчиликке алынат. Ушул өңүттөн караганда адистик компетенттүүлүктүн моделин иштеп чыгуу сиздин вариантта экинчи милдетте каралганы, ал эми мүнөздөмөсү биринчи бапта (1.3. параграфты кара) берилгени туура эмес.

**Биринчи бап боюнча:**

6.5. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктүн мазмуну жана өзгөчөлүктөрү деген аталыштагы параграфтагы маалымат (1.1) логикалык жактан ынанымдуу жана ырааттуу жайгаштырууну талап кылат. Сиздин вариантта, алгач улуттук оюндардын тарыхына кайрылуу, андан соң адистик компетенттүүлүккө арналган илимий эмгектердин анализи, акырында кайрадан тарыхый маалыматтарга кайрылуу орун алган. Бул туура эмес.

6.6. Биздин оюбузча, принципиалдуу жагдай “дене тарбия мугалимдерин даярдоо практикасында кандай каражаттарды (спорттун түрлөрүн) колдонууга басым жасоо менен байланыштуу. Анткени, алдыңкы тажрыйба кыймыл-аракеттик активдүүлүктү жана физикалык сапаттарды талап кылган спорттун түрлөрүнө таянаарын четке кагууга болбойт. Ал эми, тогуз коргоолго кайрылып, анын олуттуу өзгөчөлүгү акыл оюну экендигин, ага байланыштуу оюнчунун кыймыл-аракети олуттуу чектөөгө (отуруп ойнойт) дуушар болоорун белгилейм. Мына ушул себептен тогуз коргоол оюнун окуучулурдын дене тарбиясында колдонуу расмий программанын вариативдүү бөлүгүнүн алкагында, тийиштүү жагдайлар орун алган учурда, же болбосо сабактан тышкаркы секциялык иш алып баруу формаларында колдонуу мүмкүнчүлүгү каралган. Демек, дене тарбия мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүктөрүн мүнөздөөдө бул өзгөчөлүктөрдүн кеңири ачыкталышы маанилүү. Мисалы, РГУФКта шахмат боюнча (акыл оюну) специализация иштеп келээрин эсепке алып дүйнөдө кандай алдынкы тажрыйбалар топтолгону боюнча маалымат берилсе жакшы болмок.

Ошону менен бирге диссертацияда тогуз коргоол оюну бир катар чет өлкөлөрдө (Турцияда, Казакстанда, Кытайда) ойнолуп келээрин белгиленген, бирок алардын окшоштуктары жана айырмачылыктары жөнүндө, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо колдонулаары жөнүндө маалымат берилген эмес.

Дагы бир олуттуу маселе тогуз коргоолдун философиясы (коргоого коюлуп жаткан 1-чи жобону кара) менен байланыштуу, бирок аны ачыктаган маалымат диссертацияда жок, демек бул жобо тийиштүү деңгээлде негизделген эмес.

6.7. Адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун абалына арналган параграфта (1.2) “дене тарбия” түшүнүгүнүн мазмунун мүнөздөө аракети көрүлгөн жана бир катар белгилүү окумуштуулардын (В. Лях, Г. Мэйксон, Л. Матвеев ж.б.) пикирлерине анализ берилген (32-33 беттер). Алардын катарында илимий чөйрөдө орду белгисиз кыргызстандык (Б.Э. Дюйшоев, 33 бет) аттуу окумуштуунун аты аталган. Биздин оюбузча, бул илимий этиканын талаптарына жооп бербейт, анткени, дене тарбия теориясына олуттуу эмгек синирген, расмий окуу китептерди иштеп чыккан авторлор (Н. Шарабакин, Н. Бервинова, А. Мамытов, К. Мамбеталиев ж.б.) эске алынган эмес.

6.8. Теориялык өңүттө дене тарбия мугалиминин коммуникативдик компетенттүүлүгүнө басым жасалган жана аны калыптандыруу аракети 3 аспектиде талданган: үйрөтүүчү, тарбиялоочу жана өнүктүрүүчү (34 бет). Ошону менен бирге кесипке чыгармачыл мамиле жасоо, изденүүчү багытты кармануу жана демилгелүү болуу, ден соолукту (эмоционалдык-психологиялык, социалдык жана кыймыл-аракеттик) камсыз кылуучу комптетенттүүлүктү интегралдуу жыйынтык иретинде таануу да белгиленген. Мына ушул аспектилер изилдөөнүн жана педагогикалык эксперименттин логикасын аныктаса методологиялык өңүттө туура болмок жана учурдагы мектеп билиминин мазмунун аныктаган мамлекеттик стандарттын талаптарына толук кандуу жооп бермек.

6.9. Мугалимдин педагогикалык чеберчилик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин мүнөздөөгө арналган параграфтын (1.3) негизги кемчилиги катары үч жагдайды белгилейм: а) изденүүчү иштеп чыккан схемадагы (45-бет) жана текстеги (47-48 беттер) компоненттердин аталыштары бири-бири менен дал келбейт; б) күтүлүүчү натыйжалардын мазмуну адистик өңүттө терең тактоону талап кылат; в) сүрөттү мүнөздөөдө майда шрифт колдонулган жана көп сөздүүлүккө жол берилген.

6.10. Биринчи бап боюнча корутундуну кайрадан иштеп чыгуу зарыл. Анткени, бир топ маалымат сөзмө сөз кайталанып калган (46-47 жана 52-53 беттерди кара, белгилеп койдум). Корутунду негизинен биринчи бапта орун

алган 3 параграфта чагылдырылган анализдин жыйынтыгы катары жазылышын камсыз кылууну сунуштайм.

**Экинчи бап боюнча:**

6.11. Инструкциянын талаптарына ылайык экинчи бапта изилдөөнүн **материалдары** жана **методдору** мүнөздөлөт. Ага байланыштуу баптын аталышына тактоо киргизүүнү жана изилдөөгө алынган материалдарды конкреттүү мүнөздөөнү сунуштайм. Мисалы, мамлекеттик стандарт, окуу планы, окуу программалары, окутуу-тарбиялоо процесси, спорттук мелдештерге катышуу кандай максатта жана тартипте анализденди. Болочок мугалимдердин адистик даярдыгы кандай өңүттө изилденди жана бааланды. Адистерди сурамжылоо эмне максатты көздөдү. Мындай маалыматтардын курамы изилдөөнүн предметин, ал эми изилдөө кайсы окуу жайда жана кимдердин катышуусу менен жүргүзүлгөнү (уюштурулганы) изилдөөнүн объекти катары көрсөтүлөт.

Тийиштүү маалымат кантип топтолгонун ар бир илимий **методду** мүнөздөө менен коштоо керек. Мисалы, укуктук-ченемдик документтердин анализи (кайсы муундагы мамлекеттик стандарт, адистиктин окуу план жана окуу программалары анализденди), окутуу-тарбиялоо процесси (кайсы окуу жылдардагы окутуу-тарбиялоо процесси анализденди), адабий булактардын анализи (кайдай багыттагы, тилдеги жана жылдардагы жарык көргөн адабий булактар анализденди), спорттук мелдештерге катышуу процесси (кандай деңгээлдеги мелдештердин анализи жана эмне себептен берилди), эмне максат менен эксперимент жүргүзүлдү жана болочок мугалимдердин даярдыгы (кандай критерийлер менен бааланды). Мына ушундай маалыматты ар бир илимий методду эмне үчүн колдонгонунду негиздөө иретинде берүү зарыл.

6.12. Принциптерди мүнөздөөгө олуттуу мамиле кылууну сунуштам. Анткени, сиз сунуштаган 14 принциптин (93-97 беттер) кээ бирлери педагогика илиминде классикага айланган дидактикалык жалпы принциптерди кайталайт жана теориялык өңүттө талаштуу пикир жаратат.

6.13. Экинчи баптын көлөмү (69 бет) жана мазмуну кыскартууну талап кылат: биринчи параграф 48 беттен турат (54-102 беттер) жана теориялык маалыматтарды кайталап калган. Ал эми экинчи параграфта (2.2.) адистерди даярдоого карата сунушталуучу жаңы мазмунду, методиканы жана технологияны жайгаштырууну сунуштайм. Бул параграфтагы маалымат педагогикалык экспериментти мүнөздөө милдетин аткарат жана теориялык материалды кайрадан кайталоого муктаж эмес. Ошондуктан бул параграфты кийинки 2.3. параграфы менен бириктирип, кыскартып кайрадан иштеп чыгуу максатка ылайык болот.

6.14. Экинчи баптын корутундусу тийиштүү кыскартууларды эсепке алуу менен кайрадан иштелип чыгышы керек.

**Үчүнчү бап боюнча:**

6.15. Педагогикалык эксперименттин максатын, этаптарын, мазмунун, жыйынтыктарын жана интерпретацияланышын кайрадан карап чыгуу керек. Анын өзөгүн теориялык моделде каралган компоненттер түзөөрүн камсыз кылып алардын өзгөрүү динамикасын системдүү жана түшүнүктүү мүнөздөө зарыл. Биздин оюбузча, аңглис тилин окутуу менен байланышкан маалыматтарга басым жасоонун (123, 131 жана 137 беттер) зарылдыгы (изилдөөнүн милдеттеринде каралган эмес) жок. Информациялык сыпаттоолордо тийиштүү тактыкты (жылдар, катышкан студенттердин саны, ж.б.у.с.) камсыз кылуу зарыл. Эксперименталдык жана контролдук топторго сунушталган мазмундук айырманы так көрсөтүү керек. Диссертациянын темасындагы негизги түшүнүк (адистик компетенттүүлүк – дидактикалык компетенттүүлүк) алмашып (137 бет) кеткен. Анкеталык сурамжылоодогу ишеним децгээли (P≤0,5, ≤0,001) жана Стьюдент критерийи (t) негиздүү колдонулган эмес.

6.16. Олуттуу маселе – диссертация эки илимий адистиктердин кесилишинде корголуп жаткандыгына (13.00.01 жана 13.00.04) байланыштуу 13.00.04 адистигинин паспорту камтыган маселелерди кенейтип мүнөздөөгө муктаж.

6.17. Мазмундук тактоолордон кийин үчүнчү баптын корутундусун кайрадан жазуу керек.

**Жалпы корутунду боюнча:**

6.18. Диссертациянын мазмундук толукталышына байланыштуу жалпы корутундуну кайрадан жазуу зарылдыгы бар.

6.19. Илимий тыянактарды (төртөө) изилдөөнүн милдеттеринин санына (үчөө) жана мазмунуна дал келтирип кайрадан иштеп чыгууну сунуштайм.

6.20. Практикалык сунуштардын конкреттүүлүгүн жана адрестүүлүгүн күчөтүү зарыл.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси боюнча:**

6.21. Инструкциянын талаптарын жетекчиликке алып тактап чыгуу зарыл. Ошону менен бирге диссертациянын мазмунунда белгиленген адабияттардын номерлери тизмедеги номерлерге дал келбегендигин, бул кемчиликти жоюну сунуштайм.

**Тиркеме боюнча:**

6.22. Диссертацияда бир да тиркеме келтирилген эмес.

**Жалпы мазмун боюнча:**

6.23. Диссертациянын мазмуну редакциялык жана стилдик олуттуу ондоолорду талап кылат. Анткени, терминологиялык маселелерге олуттуу мамиле жасоо зарылдыгы бар. Ошону менен бирге бир катар ойлордун жана ырастоолордун кайталанып (диссертациянын беттеринде белгилеп койдум) калганыны жана техникалык дал келбөөлөргө жол берилген.

**7. Сунуштар:**

Жогоруда белгилеген кемчиликтерди жана мүчүлүштүктөрдү олуттуу деп эсептейм жана тийиштүү оңдоолорду жана түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгын белгилейм.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.**

Диссертацияны бул турган абалында кабыл алууга болбойт.

**9. Бүтүм.**

Манашева Кенжегүл Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" деген темадагы диссертациясы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуу, денени чыңдоо жана адатиптивдүү дене тарбиясы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт. Бирок, диссертацияда бир катар олуттуу кемчиликтер орун алгандыгына байланыштуу оңдоолорго жана түзөтүүлөргө муктаж.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуу, денени чыңдоо жана адатиптивдүү дене тарбиясы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Манашева Кенжегүл Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери", - деген темадагы диссертациясы олуттуу кемчиликтерди жойгонго чейин кабыл алууга жана алдын ала коргоого жарабайт, – деп эсептейт.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз билим берүү академиясынын технология, искусство

жана ден соолук маданияты лабораториясынын
башкы илимий кызматкери А. Мамытов

15 июнь 2024 жыл

А. Мамытовдун койгон кол белгисин тастыктайм.
Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
п.и.к., доцент А.О. Абдыкапарова

## КОРУТУНДУГА ТОЛУКТОО

Изденүүчүнүн белгиленген кемчиликтерди жана мүчүлүштүктөрдү жоюп, диссертациянын жана авторефереаттын кол жазмаларын кайрадан иштеп чыкканын эсепке алып корутундунун 7,8, 9 жана 10 пунктуларына төмөндөгүдөй өзгөртүүлөрдү киргизем:

**7. Сунуштар:**

Корутундуда белгилеген кемчиликтер жана мүчүлүштүктөр негизинен жоюлду жана иштин теориялык жана практикалык маанисине терс таасирин тийгизишпейт.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.**

Диссертацияны кабыл алууга сунуштайм.

**9. Бүтүм.**

Манашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” деген темадагы диссертациясы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы” жана 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуу, денени чыңдоо жана адатиптивдүү дене тарбиясы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук

машыгуу, денени чыңдоо жана адатиптивдүү дене тарбиясы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Манашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери”, - деген темадагы диссертациясы кабыл алууга жана алдын ала коргоого үчүн сунуштайм.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз билим берүү академиясынын технология, искусство
жана ден соолук маданияты лабораториясынын
башкы илимий кызматкери A. Мамытов

13 сентябрь 2024 жыл

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КА...

Кол тамгасын тастыктайм
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы А. Асанова

Эксперт А. Мамытовдун кол тамгасын тастыктайм
Дискеңештин окум. катчысы Абдыкапарова А.О.